## Токтогул атындагы №6 орто мектебинин китепканасынын 2021-2022-окуу жылындагы аткарган иштери боюнча отчету.

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин китепканасында жаны окуу жылына план тузулуп,анын үстүндө бир кыйла алгылыктуу иштер алып барылды.

Китепкананын алдыга койгон максаты: ар кандай иш- чараларды өткөруу менен окуучуларды китеп окуганга,китепти сыйлоого жана көздүн карегиндей сактоого туура багыт берип, окуучулардын ата-энелерин кошо тартып,бирге китеп окуганга шыктандыруу болду.

Мектепте ар бир предметтик мугалим китепкана менен тыгыз байланышта иш жүргүзүп келет.

Себеби окуучуларга учурдун талабына ылайык сабак өткөн мезгилде окуу китебиндеги маалымат жетишсиз болуп калат,ошондуктан мугалимдер билим берүүдө көрсөтмө куралдарды,дидактикалык материалдарды жана усулдук колдонмолорду пайдаланышты.

Быйылкы окуу жылынын башында адаттагыдай окуучуларга окуу китептери таркатылып берилди. Мектеп боюнча китеп менен камсыз болуусу окутуу кыргыз тилинде окутулган класстарда 62%.ал эми окутуу орус тилинде окутулган класстарда 50% тузду. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын 7-8-9-класстарында окуу китептеринин саны жетишсиз болгондуктан,окуу китептерине буйрутма берилди.

Китепкананын жалпы фондунда 12430 даана китеп бар. Анын ичинен:

-кыргыз тилинде 9278 даана

-орус тилинде 3152 даана

-усулдук китептер 513 даана

-көркөм адабияттар 400 даана

-окуу китептери 11517 даана

Билим беруу министрлиги тарабынан окуу жылынын аягына чейин 403 даана китеп келсе.анын 303 даанасы кыргыз класстарынын 5-6-7-8-класстарына,100 даанасы орус класстардын 5-6-класстарына алып келинип пайдаланууга берилди. Мектептин китеп фондусуна Россиянын билим беруу жана маданият борборунан 20 окуу китеби жана бир усулдук китепче белекке берилди.

Китепканага белгилуу инсандардын (Ф.М.Достоевскийдин-200 жылдыгына,М.В.Ломоносовдун-310ж. Н.А.Некрасовдун-200ж,М.Элебаевдин-115ж,Ж.Абдрахмановдун-120ж) туулган кундоруно карата алардын өмүрү,чыгармачылыгы.ишмердиктери жөнүндө малыматтардан китепчелер башкача айтканда буклеттердин чыгарылышы, мугалимдерге,окуучуларга окуу процессинде пайдаланууга ыңгайлуу болду.

Мектеп китепканаларына 2021-жылдын ноябрь айында жаны комплект компьютердин берилиши жана ушул эле айдын 17-19.11 чейин шаардык билим беруу бөлүмүнүн методисти Г.Абдикаримова тарабынан “Жалпы билим берүүчү уюмдардын

китепканачылары үчүн кошумча кесиптик билим берүү тренинги"нин өткөрүлүшү китепканачылар үчүн аябагандай чоң жардам болду.



Балдардын колунда китептин ордун телефон басып жаткан убакта китеп окууга тартуу кыйынчылык туудуруп жатат.Ошого карабастан башталгыч класстар менен ортоңку класстардын окуучуларынын китепканага кирип адабий китептерди,жомокторду окуп,мектептеги ар кандай иш-чараларга,сурот сынактарына активдуу катышып жаткандыгы мактоого татырлык. Айрыкча 3а,4а,4б,6а класстардын окуучуларынын 80% жакыны китепкана менен тыгыз байланышта болушту.

Окуу жылынын ичинде окуу китептеринин абалы ар чейректе текшерилип,жыйынтыгы чыгарылып турду.Рейд жүргүзгөн мезгилде башталгыч класстардын жана кээ бир ортоңку класстардын китептеринин абалы жакшы. Атап кетсек башталгыч класстардын жана 6а.6в.7а.7б.9а.9б класстарда китеп тышталып, ремонттоо иштери жүргүзүлүп турган.

Жогорку класстарда китеп менен толук камсыз болгонуна карабай окуу китептерин толук алып келишбегени аныкталды.

Январь айында 1-4 класстардын арасында "Менин кыялымдагы кыш"деген темада сурот жана китепче жасоо сынагы жарыяланып,1а,2а,2в,4а,4б класстары мыкты тартылган сүрөттөрү жана китепчелери менен башка класстардан айырмаланышты жана мыкты окуучулар мактоо баракчасы менен сыйланышты.

Быйылкы окуу жылындагы 14-февраль Эл аралык "Китеп белекке берүү"күнү биздин мектепте өзгөчө болду десек болот. Мектептин мурдагы бүтүрүүчүсү,азыркы убакта

шаардык кеңештин депутаты Амаралиев Э.А. өз жанынан 31мин сомдук 150 даана 17 аталыштагы окуу китептерин 8-9-класстардын орус класстарына окуу процессинде пайдалануу үчүн белекке берди. Окуучулар Эргашева Э(9в кл.),Айтиева Д.(4в кл.)Рысмаматов Д.(3в кл.) ата-энелери да 23 даана окуу китебин белекке беришти.



26-февралда “Жомок айтуу куну”ата-энелер балдарына жомок окуп беришкен видеолору мектептин сайтына жүктөлгөн. Анда эң жакшы катышкан класстар деп 2а,3в,4б класстары болду.

Мектеп “Бирге окуйбуз долбоорунда”бир топ жомок китептерди алган жана ЮСАИДдин “Окуу керемет” долбоорунун негизинде 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп кунуно карата өткөрүлгөн бир айлыгына активдүү катышышты.

“Китеп окуу кандай сонун!”деген темада 2-4-класстардын окуучуларынын арасында электрондук китепчелерди окуп чыгуу жана “Китеп куржуну”эстафеталык жарышы, математикалык китепчелерди жасоо сынакта болуп отту. Ага 2а,3в,4а класстардын окуучулары ата-энелер менен биргеликте активдүү катышып, алдынкы орундарда болду.

11-апрелден 15-апрелине чейин “Балдар китебинин жумалыгы”алкагында “Куч билимде,билим китепте”деп аталган китеп жумалыгында: “Китеп-акыл кенчи” деген темадагы китеп көргөзмөсүндө5-6-класстардын арасында “Мыкты окурман” сынагы өткөрүлүп,сынактын жыйынтыгында 6а класстын окуучусу Ашыралиева А.минутасына -175сөз окуп 1-орунга,6г классынын окуучусу Акбаралиева Х-173 сөз окуп 2-орунга,6а классынын окуучусу Насыралиева Х -164 сөз окуп 3-орунга ээ болушту.

Башталгыч класстын мугалими Адылбекова Б. китепканачы менен биргеликте шаардык билим беруу бөлүму тарабынан тузулгөн график боюнча шаардык китепканага мектеп окуучуларынын саякаты өтө таасирлуу болду. Башкача айтканда “2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылына”карата дүйнөдөгү бийик тоолор жөнүндө маалымат алышты жана альпинистердин бийик тоолорду багынтуудагы иш аракеттери боюнча видеофильмдерди көрүп,китепкананын ар бир залындагы бири

бирине окшобогон айырмачылыктарын көрүп, иш-чараларга катышып,эң жакшы көз караштар менен кайтып келишти.






20-апрелде 2-а классынын мугалими Тойгонбаева Б. Буткул дүйнөлүк китеп күнүнө карата "Китеп -жан дүйнөнүн азыгы" деген темада класстык саат өтүп берди. Класстык саатка мугалимдер жана ата-энелер да катышышты. Анда катышуучулар китептин жашоодогу мааниси жөнүндө толук маалымат ала алышты.




2022-жылдын 13-24-июнга чейин ЮСАИД "Окуу керемет"долбоору тарабынан уюштурулган "Окуу жана эсеп лагери"нин иштеши башталгыч класстын окуучулары учун өтө кызыктуу болду. Анда кун сайын ар түрдүү сабактардын өтүлүшү,өз колдору менен ар кандай нерселерди жасашып,оюндардын болуп, лагердин көз ачып жумгуча өтуп кеткени билинбей калды.

Окуу жылынын аягында окуучулардан окуу китептери жыйналып алынып, кийинки окуу жылына даярдалып коюлду.






Мектеп директору Сарытаева Д.Т.

Китепканачы Мурзабекова Ы.М.

**Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн кыргыз класстардын китеп менен камсыз болуусу боюнча диаграмма**




**Анализ:** Окуу китептери менен окуучулардын камсыз болуусу 2019-жылдан 2023-жылга чейин 2% ке көбөйдү. Бул деген аты аталган окуу жылдарында 303 даана окуу китептери Билим берүү министирлиги тарабынан берилип, мектептин китеп фондуна кошулган. Окуучулардын китеп менен камсыз болуусу байкалаарлык көрсөткүчтү көрсөтпөй жатышы 2018-2019- жылдан 2022-2023-жылга чейин окуучулардын саны 182 балага көбөйгөндүгүнө байланыштуу.